Жаңы окуу борбору

# Сапсандан – сапаттуу билим

**21-декабрда борбор шаарыбызда SAPSAN интеллуактaлдык өнүктүрүү мектеби ачылды. 6–7 жаш аралыгындагы жеткинчектер жумасына эки жолу бир жарым сааттан көнүгүүдөн өтсө болот. Аземдин катышуучулары – балдар менен алардын ата-энелери ителлектуалдык тестирлөө сынактарын тапшырышты.**



Тестирлөө учурунда

**Назарбек БАЙЖИГИТОВ, "Кыргыз Туусу"**

Мектептин директору Шарбат Бекмаганбетова ата-энелерге билим ордосунун максаты, артыкчылыктары жөнүндө айтып берди. Анын айтымында, SAPSANдын окутуу программаларын М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин адистери иштеп чыгышкан. Эл аралык патентке ээ. Башкы кеңсеси Алматы шаарында жайгашкан билим ордосу КМШ өлкөлөрүндө ишмердигин жүргүзө алат. Казактандын бардык ири шаарларында жана Россиянын жети шаарында филиалдары иш жүргүзүп жатышат. Бул – Кыргызстандагы биринчи филиал. Учурда орус тилинде жүрүп жаткан сабактарды, келечекте кыргыз тилинде өткөрүү ниети бар. Окутуу алты принципти өзүнө камтыйт: ой жүгүртүүдөгү логика; так сүйлөө; ыкластуу болуу; эске сактоо жөндөмдүүлүгү; окуганын, укканын, көргөнүн тез кабыл алууга көнүгүү; тез окууну үйрөнүү. Мектепте билим берүү окуучулардын жаш курагына карай, үч топко бөлүп жүргүзүлөт.



Ш.Бекмаганбетова

Жаңы билим борборунун ачылыш аземине катышкан Жогорку Кеңештин депутаты Жанар Акаев мындай интеллектуалдык мектептердин өлкөбүзгө керек экендигин билдирип, мугалимдерге жана окуусун баштаган балдарга жана ата-энелерге ийгилик каалады.

**Сапсан – тез кыймылдаган алгыр куш.*

Рейтинг

# КТМУ дүйнөлүк эң туруктуу университеттердин катарында



**Индонезиянын Green Metric World университетинин берген маалыматына караганда дүйнөдөгү эң туруктуу мыкты жогорку окуу жайлардын арасынан Кыргыз-Түрк «Манас» университети 578-орунду ээледи.**

Ал эми Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасынан биринчиликти алды. 2019-жылга карата Green Metric World университети бүткүл дүйнөлүк университеттер арасында туруктуу өнүгүү боюнча рейтинг жарыялаган. Иликтөөчүлөр 85 өлкөнүн 780 жогорку окуу жайын талдоого алып, тизме түзүшкөн. Тизмеге кирген ЖОЖдор электр энергиясын, сууну үнөмдөө, калдыктарды кайра иштетүү, окуу жайга тиешелүү аймактарды жашылдандыруу жана экология жаатында студенттердин илимий изилдөө иштеринин көрсөткүчтөрүн аныктоо боюнча тандалган. Индонезиянын аталган университети көп жылдан бери «жашыл» университеттер рейтингин жүргүзүп келе жатат. Анын максаты - кампустардын айланасын жашылдандырууну туруктуу жүргүзүү боюнча баалоо болуп саналат.

**Айзат ТАЛАСБАЕВА,«Манас» медиа**

Ысык-Көл

## Облус – 80, борбору – 150 жашта

**20-декабрда Касымалы Жантөшев атындагы драма театрында Ысык-Көл облусунун 80 жылдык, ал эми шаардагы "Карагат" отелинин жыйындар залында Каракол шаарынын 150 жылдык маарекелери салтанаттуу кырдаалда белгиленди. КРнын Президентинин аппаратынын башчысынын орун басары А.Кененбаев Сооронбай Жээнбековдун маарекелерге байланыштуу куттуктоолорун окуп берди.**

Өкмөттүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү Акылбек Осмоналиев өткөн 80 жыл ичинде Көл өрөөнүндөгү жетишкендиктерге кеңири токтолсо, облус борборунун мэри Адыл Каниметов Караколдун буга чейин басып өткөн жолунун тарыхый өзгөчөлүктөрүнө, учур талабына жараша туристтик жагдайдагы артыкчылыктарына басым жасады.

Бул күнкү маарекелик иш-чаралардын жүрүшүндө Каракол шаарынын борбордук Кыдыр аке атындагы көчөсүнүн айланпа жолунун ортосуна орнотулган, үстүндө кыргыздын кырмызы кызыл туусу желбиреген, жети капталына Ысык-Көлдүн жети акесинин сүрөт-портреттери чегилген монументтин ачылышына күбө болушту.

## Жаңы жылда ыйлайбы, жаш балатыны кыйбайлы

**Жылыга жыл жаңырар алдында өткөн советтик доордо жедел кан-жаныбызга сиңип, кайсы улуттан же кайсы динде болбосун, жаңыдан бой керип келаткан жашыл балатыны кыйып келип үйүбүзгө, иштеген мекеме-уюмдарга орнотул алып, аны жылтыр-жултур оюнчук менен түркүн түстүү тасмаларга ороп көзүбүздү кубантканды өз алдынча мамлекет болгон 28 жылдан бери да улантып келатканыбыз негедир өөн учурап тургансыйт.**

Мына, көнүмүш кокуй адатыбыз дагы кайталана баштады. Сүрөттө көрүнүп тургандай, мамлекеттик мекемелердин биринин кире беришинде кызыл-тазыл оюнчуктарга оронгон бечара жашыл балаты "Көз



жашын көлдөтүп ыйлап тургандай" көрүндү менин ой-кыял сезимимде. Жыл жаңыргандан кийин ашып кетсе бир апта ушул абалында турар, анан ыргытылат да?! Адам пендесинин таш боордугубу, же акыл-сезиминин жетишсиздигиби? Биз качанкыга чейин эле бирөөлөрдүн каада-салтын ээрчип, жашыл токоюбузду четинен кыркып жоё беребиз?

Ал эми Караколдун Чыңгыз Айтматов атындагы борбордук аянтындагы бийиктиги 21 метр жасалма балатыны 2017-жылы шаардык мэрия 1 млн. сомго сатып алып, аны жылыга ушул маалда 300 миң сомду бюджеттен бөлдүрүшүп толук жасалгалап майрамдаганды адатка айлантып алышкан, мындай балатылардын жөрөлгөсүн өткөрмөйүн жаңы жылы жаңырбай калчудай. Жаңы жылды жөн эле тоссок болбойбу?!

**Жээнбай ТҮРК, "Кыргыз Туусу"**